
11

## Кыргызстанга келин болгон жапон балерина кызы

*28 жаштагы жапониялык балерина Мегуми Матсумото балериналык билим алуу үчүн Орусияда окуп жүргөн кыргызстандык жаш балет бийчиси Атабек Садыркулов менен таанышат. Бул таанышуу Матсумотонун кесиптик жана жеке жашоосунда жаңы барактын ачылышына себеп болот.* >>>


8

## Ала качуу салтпы же кылмышпы?

*Кыргыз коомчулугуна кеңири жайылган ала качуу салты бар. Бири-бирин сүйгөн жаштар материалдык жактан мүмкүнчүлүгү жок болуп же үй-бүлөсү тарабынан уруксат берилбеген учурда жигит кыздын макулдугу менен ала качат. Социалдык жана маданий жактан алганда коомдо кабыл алынган бул салт, азыркы күндө аялга болгон жыныстык жана физикалык жактан зордук көрсөтүүнүн жана кылмыштуулуктун түрү болуп калды.* >>>


10

## Кофе менен сүрөт тарткан сүрөтчү

*Arabistan yarımadasında ilk kez keşfedilerek içilmeye başlanan kahve birçok amaçla tüketiliyor. Aydınlanma ve Fransız İhtilali dönemlerinde masa başı işlerde çalışan enformasyon işçilerinin, entelektüellerin, tüccarların ve katiplerin zihinsel yeteneklerini güçlendirdiği düşüncesi kahvenin tüketimini zirveye taşıyor.* >>>

ГЕЗИТИ **Манас**

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ АПРЕЛЬ 2019 / САНЫ: 72 www.manas.edu.kg



2

# КТМУда белгилүү окумуштуу Фуат Сезгин эскерилди

**Күлдүргөн киши: Али Танрыверди** >>> 9

12 >>> **Спильбергдин «Терминал» тасмасы Кыргызстанда чындыкка айланды**




# КТМУда белгилүү окумуштуу Фуат Сезгин эскерилди

*Үстүбүздөгү жылдын 19-апрелинде КТМУда Ислам аалымдарынын дүйнөлүк илимге кошкон салымын изилдеген белгилүү түрк окумуштуусу, проф. Фуат Сезгинди эскерүү жылынын ачылыш аземи болуп өттү. Маалым болгондой, 2019-жыл Түркияда Президент Режеп Тайип Эрдоган тарабынан «Фуат Сезгинди эскерүү жылы» деп жарыяланды. Буга байланыштуу Түркиядагы Кырыккале университети менен Кыргыз-Түрк «Манас» университети биргелешип проф. Фуат Сезгинди эскерүү иш-чарасын уюштурду.*

Иш-чарага проф., докт. Фуат Сезгин атындагы Ислам Илимдеринин тарыхый изилдөө фондунун Камкорчулар Кеңешинин мүчөсү жана Дүйнөлүк Этноспорт Конфедерациясынын башчысы Нежметтин Билал Эрдоган, Түркия Президентинин башкы кеңешчиси Ялчын Топчу, КТМУ ректору проф.др. Себахаттин Балжы, КТМУнун проректору проф.др. Асылбек Кулмырзаев, Фуат Сезгин атындагы Ислам Илимдеринин тарыхый изилдөө фондунун Камкорчулар Кеңешинин жана Башкармалыгынын башчысы Межит Четинкая, Кырыккале университетинин ректору проф. докт. Фуат Сезгин жылынын координатору проф.др. Эрсан Аслан, Түркия Республикасынын Бишкектеги элчилигинин жетекчиси Йекта Камил Ноян жана кеңешчилери, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин жетекчиси Жапаркул Ташиев, КР Илимдер Академиясынын жетекчиси Мурат Жуматаев, окуучулар, студенттер жана медиа өкүлдөрү катышышты.

Иш-чаранын алдында Фуат Сезгиндин чыгармаларынан турган «Проф., докт. Фуат Сезгиндин бурчунун» ачылышы уюштурулду.

**Фуат Сезгиндин ишин улантуу – милдетибиз**

Белгилүү илимпозду эскерүү программасынын ачылышында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, проф. Себахаттин Балжы иш-чаранын кадырман коноктoруна ыраазычылыгын билдирип: «Ислам дүйнөсүнүн илимий жетишкендиктерин таанытууга жана аны келечек муундарга өткөрүп берүү үчүн зор эмгек жасаган илимпоз Фуат Сезгин бүт өмүрүн илимге арнап, жасаган иши менен өрнөк боло алды. Биздин унутулуп калган тарыхыбызды изилдеп, башыбызды бийик көтөрүп жүрүүнү камсыз кылды. Биз бул чыгаан инсанга чексиз ыраазыбыз, биздин милдет – анын улуу ишин улантуу. Биз учурда окуу жайыбыздагы «Манас FM» радиосунан Фуат Сезгиндин жасаган эмгектерин коомчулукка жарыялап жатабыз жана анын макалаларын топтоп бир китеп кылып чыгарууну пландаштырудабыз. Ошондой эле Бишкек менен Ош шаарларында илимий конфереяцияларды уюштуруп, Орто Азия университеттеринин биримдигине мүчө болгон 60тан ашык ЖОЖдордо Фуат Сезгинди эскерүү жана таанытуу иш-чараларынын өткөрүүгө аракеттер жасалып жатат», - деди.

**Фуат Сезгин Орто Азияга таанытылат**

КТМУнун биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев: “Бүгүн Фуат Сезгин жылына арналган биринчи абдан маанилүү иш-чара биздин университетте өтүп жатат. Фуат Сезгин - Ислам дүйнөсүнүн илимий тарыхына чоң салым кошкон инсан. Орто Азияда белгилүү тарыхый себептерден улам аты жалпыбызга белгилүү эмес эле. Германиядагы белгилүү университетте академиялык карьерасын жасап, Ислам илиминин тарыхын изилдеп, дүйнөлүк тарыхка салымын кошо алды. Бир нече эл аралык академиялардын мүчөсү, сыйлыктардын ээси. Ал Орто Азиядан чыккан окумуштуулардын эмгектерин да бийик даражага көтөрүп, дүйнөлүк коомчулукка таанытты. Ислам жана Түрк дүйнөсүндөгү көп окумуштууларды билбей калдык. Анын себеби, биз буга чейин Батыш цивилизациясынын окумуштууларынын эмгектерине гана таянып билим алып келгенбиз. Түркия Республикасы биздин маданий, тарыхый иш-чараларыбызга дайым колдоо көрсөтүп келет. Ошондуктан биз дагы Түрк дүйнөсүнүн чыгаан инсанын жогорку окуу жайларда эскерип, иш-чараларды өткөрүшүбүз керек».

**Мусулмандар илимде кайрадан биринчи болушу мүмкүн**

Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын төрагасы Нежметтин Билал Эрдоган: “Акыркы 200 жыл ичинде индустрия жана технологиянын өнүгүшү менен «Батыш маданияты баарын ойлоп таап, иштеп чыккан» деген түшүнүк эс-акылга биротоло орноп калган. Бул жаатта профессор Фуат Сезгин ислам дүйнөсүнүн окумуштууларынын жетишкендиктерин, илимге кошкон салымын изилдеп жогоруда айтылган түшүнүктү жокко чыгара алды. Демек, анын жасаган эмгектери көрсөтүп тургандай, биздин ата-бабаларыбыз улуу инсан болгон, илимге зор салым кошкон. Демек, биз кайрадан илимде да, билимде да биринчи болуу мүмкүнчүлүгүбүз бар. Профессор Фуат Сезгин өмүрүн илимдин тарыхына, анын ичинде эмгектерин араб, фарс жана түрк тилдеринде жазып калтырган, мусулман-түрк аалымдарынын илимге кошкон салымдарын изилдөөгө арнаган чоң окумуштуу болгон. Анын жасаган иштерин жаштарга таанытуу биздин милдет болуп саналат. Келечекте бул инсандын ишин улаган жана илимге салымын кошкон жаштар чыгат деп терең ишенем”, - деди.

**Чыныгы патриот болгон**

Фуат Сезгин атындагы Ислам илимдеринин тарыхын изилдөө фондунун башкаруучулар кеңешинин башчысы Межит Четинкая: «Фуат Сезгин абдан патриот адам болгон. Германияда жашаганына карабастан, Түркия тууралуу жаман кабар укса, абдан капаланчу. Ал күнүнө 17 саат иштеген. Проф. докт. Фуат Сезгин 2008-жылы Стамбулда ачылган Стамбул ислам, илим жана техника музейинин курулушуна чоң салым кошуп, экспонаттардын даярдалышына өзү жетекчилик кылган. Анын Германияда бир музейи жана китепканасы болгон, ал китепканада абдан баалуу 1000-500 жыл илгери жазылган китептери боло турган. Бүгүнкү күндө президенттин колдоосу менен ал китепкана Түркияга көчүрүлдү. Сөзүмдү Фуат Сезгиндин айткан сөздөрү менен жыйынтыктагым келип жатат, ал: “Мусулмандар илим тарыхындагы ордун билбегендиги үчүн же туура эмес билгендиктен, европалыктардын жанында өздөрүн төмөн эсептешет. Менин максатым – аларга ата-бабаларынын тарыхтагы ардактуу ордун көрсөтүү жана үйрөтүү” деген эле».

**Фуат Сезгиндин таанытуу иш-чараларын уюштурабыз**

Андан соң КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин стат-катчысы Жапаркул Ташиев: “Түрк ааламын, ислам дүйнөсүнүн жетишкендиктерин бүткүл дүйнөгө жайылтууга зор салымын кошкон инсанды мамлекеттик деңгээлде эскерүү демилгеси бизди да абдан кубантат. Бүгүнкү биринчи иш-чарага мамлекеттик маанилүү кишилердин катышып жаткандыгы да маанилүү. Биз бул демилгени улантып, Фуат Сезгиндин баскан жолун, тагдырын, тарыхын, жасаган эмгектерин баалап таанытуу иш-чараларын уюштурабыз», - деди.

Ачылыш сөздөрдөн кийин Кырыккале университетинин ректору, профессор Эрсан Аслан «Илимий мурасыбыз жана келечектеги кыялдарыбыз» деген аталышта билдирүү жасады.

Иш-чаранын соңунда КТМУ менен Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын ортосунда түзүлгөн келишимге кол коюлуп, келген конокторго университеттин атынан белектер тапшырылды.

КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ







# Жетекчилик менен баарлашуу жыйыны уланууда

КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректорлугу тарабынан уюштурулган баарлашуу жыйыны туризм жана мейманкана жогорку мектеби менен көркөм өнөр факультетинин, теология факультети менен коммуникация факультетинин, айыл-чарба факультети менен ветеринария факультеттеринин студенттери менен өткөрүлдү.*






Үстүбүздөгү жылдын 4-апрель күнү ректорлуктун жыйындар залында Туризм жана мейманкана жогорку мектеби менен көркөм өнөр факультетинин студенттери менен баарлашуу жыйынына университеттин ректору, проф.докт. Себахаттин Балжы, проректор, проф. докт. Анварбек Мокеев, факультеттин декандары, мугалимдер жана студенттер катышты.

Жыйында ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы студенттерге ийгилик өзгөрүүдөн башталарын; сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү зарылдыгын, өмүр бою окуунун, технологияны туура пайдалануунун, интерактивдүү байланыш түзүүнүн, топ ичинде иштеше билүүнүн, китепти көп окуунун жана дайыма адам болуунун үстүндө иштөө гана чоң өзгөрүүгө алып келерин белгиледи. Ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы учурда КТМУнун бүтүрүүчүлөрү дүйнөнүн төрт бурчунда эмгектенип жүрүшкөндүгүн айтып алардан үлгү алуусу керектигин жана жасаган ийгиликтери менен атын тааныткан жогорку мектеп менен факультеттердеги мүмкүнчүлүктөрдү өздөрүн өнүктүрүү, өзгөртүү үчүн колдонушун насаат кылды.

### Теология жана коммуникация факультттери менен баарлашуу жыйыны

Ректорлук баарлашуу жыйынынын алкагында кезектеги жыйын ушул жылдын 11-апрелинде ректорлук жыйындар залында Теология жана коммуникация факультетинин студентери менен өткөрүлдү.

Жыйында сөз сүйлөгөн ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы университеттин акыркы жылдагы бүтүрүүчүлөрүнүн жарымынан көбү 7 ай ичинде эле 26 мамлекетте иштей баштаганын, жалпысынан бүтүрүүчүлөрдүн 65,8% өз тармагы боюнча иштегенин, бул пайыздын өзгөчө теология жана коммуникация факультеттеринин бүтүрүүчүлөрүнө тийиштүү экендигин билдирди.

Айрыкча ректор, проф.докт. С. Балжы: «Бул статистикалык маалыматтар КТМУда билим берүүнүн эл аралык стандарттарга шайкеш келерин көрсөтөт. Бирок, бул албетте, жетиштүү эмес. Дүйнөнүн ар тарабында сапаттуу билим берген миңдеген университеттер бар, бирок баарына жетишерлик дңгээлде иш табуу кыйын. Анда азыртадан кандай кылыш керек? Силер ошол жогорку деңгээлде билим берген окуу жайлардын ичинен бир топ сапаттарыңар менен өзгөчөлөнүшүңөр керек. "Манас" университети силерге ошондой өзгөчөлөнгөн сапаттарга ээ болуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү берет",- деди жана бул өзгөчөлүктөргө сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү, өмүр бою билим алуу, технологияны туура пайдалануу, интерактивдүү байланыш түзүү, топ ичинде иштеше билүү, китепти көп окуу жана дайыма адам болууга умтулуу менен жетишсе боло турганын айтып өттү.

Өз сөзүндө бүтүрүүчүлөр менен түзүлгөн байланыштын маанилүү экендигине басым жасаган проректор, проф. докт. Анварбек Мокеев да: «Ушинтип бүтүрүүчүлөрүбүз менен ортобузда үзгүлтүксүз байланыш уланып келет. Бүтүрүүчүлөрүбүз университетке, университет бүтүрүүчүлөрүнө дайыма колдоо көрсөтүп келет. Бүтүрүүчүлөрдөн алып турган маалыматтар университеттин окуу процессинде кандай жыйынтыктарга жетишип жаткандыгын бизге көрсөтөт», - деди.

Суроо-жооп бөлүгү сонуна чыккан соң, университет жетекчилиги менен студенттер эстеликке чогуу сүрөткө түшүштү.

Ал эми 18-апрелде айыл-чарба факультети менен ветеринария факультеттеринин студенттери менен ректорлук жыйыны өттү.

Жыл сайын өткөрүлүп келген ректорлук жыйындар университеттеги бардык студенттер менен окуу жайдын жетекчилигинин тыгыз байланышын камсыз кылуу, студенттердин каалоо-тилектери менен суроо-талаптарын угуу жана окуу жайга байланыштуу маалыматтарды студенттерге жеткирүү сыяктуу максатта уюштурулуп келет.

# Акыркы курстардын студенттерине багытталган «Карьера күндөрү» өткөрүлдү

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) акыркы курсунда окуп жаткан студенттердин келечекте иш таап кетүүсү үчүн өз тармагына карата сектордон менчик фирмалар жана мамлекеттик ишканалар катышкан «Карьера күнү» иш-чарасы өткөрүлдү.***




КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ






**Айыл-чарба факультетинде «Карьера күнү»**

2019-жылдын 11-апрелинде КТМУнун айыл-чарба факультетинде өткөрүлгөн «Карьера күнү» иш-чарасына сектордон келген ишканалардын өкүлдөрү менен айыл-чарба факультетинин мугалимдери жана студенттери катышты. Акыркы курстун студенттеринин карьералык пландоосуна салым кошкон бул иш-чарага фирмалардан келген өкүлдөрү менен катар КТМУнун айыл-чарба факультетинин мурдагы бүтүрүүчүлөрү да катышты.

2007-жылы түзүлгөн КТМУнун айыл-чарба факультетинин студенттери окуу процессинде аларга берилген мүмкүнчүлүктөрдөн алган кесиптик билими өздөрү бүтүргөн тармакта суроо-талапка жооп берген адистер болгондугу үчүн өз секторунда оңой эле иш таба алышат.

**Коммуникация факультетинде «Карьера күнү»**

Коммуникация факультетинин акыркы курсунда окуган студенттер менен сектордогу фирмалар менен таанышуу жана иш табуу максатын көздөгөн «Карьера күнү» иш-чарасы 2019-жылдын 15-апрелинде аталган факультеттин имаратында өткөрүлдү.

Иш-чарага КТМУнун ректору, проф.докт. Себахаттин Балжы, проректор, проф.докт. Анварбек Мокеев жана проректор, проф.докт. Хүсейин Өгүт, коммуникация факультетинин деканы проф.докт. Хамза Чакыр, Казахстан Туран университетинин кино жана ТВ бөлүмүнүн башчысы Ален Кубердиева, Кыргызстандагы менчик жана мамлекеттик ЖМК тармагында иштеген 10 мекеменин өкүлдөрү, факультеттин мугалимдери жана студенттери катышты.

КТМУнун жана коммуникация факультетинин таанытуу фильмдери көрсөтүлгөндөн кийин ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы сөз сүйлөдү. Профессор С. Балжы «Карьера күнү» берген мүмкүнчүлүктөр туралуу төмөнкүлөргө токтолду: «Университеттер үчүн карьера күндөрү абдан маанилүү. Себеби университеттер берген билиминин натыйжасы иш бергендер менен акыркы курстун студенттери топтолуп пикир алмашканда айкын көрүнөт. Биздин университетибиздин окутуучулары менен студенттери эл аралык сапатка толугу менен жооп беришет. Айрыкча, коммуникация факультетибиздин бүтүрүүчүлөрү иш табууда көп кыйынчылыкка туш болушпайт. Бул адистик боюнча жакшы жумушка кирүү үчүн конкурстар көп өткөрүлүп турат».

«Манас» университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн 5 континентте 39 мамлекетте иштегенин белгилеп өткөн ректор, проф.докт. С. Балжы: “Бардык жерде, ар кандай өлкөлөрдө жана мекемелерде биздин бүтүрүүчүлөрүбүзгө абдан баа беришет. Бул биздин университеттин берген билиминин натыйжасы. Бүгүнкү карьера күнүндө студенттерибиз өз адистигинин өкүлдөрү менен жолугуп, өздөрү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жарата алышат деп ишенем. Иш берүүчүлөр да биздин билимдүү жаштар менен, сапаттуу билим берген коммуникация факультети менен кандай багытта иш алып барууга боло турганы тууралуу пайдалуу чечим чыгарыша алат деп ойлойм. Бир эле жумуш берүү маселесинде эмес, көп тараптуу кызматташтык үчүн да бүгүнкү карьера күнүн натыйжалуу пайдалануубуз абзел”, - деди.

Ал эми коммуникация факультетинин деканы, проф.докт. Хамза Чакыр КТМУнун студенттерине карата уюштурган эң маанилүү иш-чаралардын бири “Карьера күнү” деп белгиледи. Проф.докт. Хамза Чакыр бул иш-чаранын студенттерге жана билим берүүгө жана секторго багытталган эң маанилүү үч өзгөчөлүгүн айтып өттү.

“Биринчи курстан акыркы курска чейин студенттерибиз бул жерде теориялык жана практикалык түрдө билим алышат. Инфраструктурасы жакшы болгон факультетпиз. Бул жерде эч кандай маселе жок. Бирок факультетти бүтүргөндөн кийин суудан чыккан балыкка окшоп чабалактай баштайбыз. Эмне кылабыз, каякта иштейбиз, каяктан иш издейбиз деп. Акыркы курска келгенде бул маселелер жаралат. Мына ошондуктан ушул карьера күндөрүнүн эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – сектор менен студенттерди жолуктуруу болуп саналат. Башкача айтканда, студенттер ЖМК өкүлдөрүнүн берген маалыматтарын угуп, сындап, ЖМК чөйрөсүнүн картинасын түзүшөт. Кинозалдан чыккандан кийин студенттер сектордун өкүлдөрү менен жолугуп, баарлашышат. Кайсы мекемеден келди, ал мекеменин иштөө шарттары, өзгөчөлүктөрү жана инфраструктурасы тууралуу өкүлдөрдөн маалымат алышат. Бул абал студенттерге дем-күч берет жана алар менен байланышуу үчүн дарегин, телефон номерлерин алышат. Ошол себептен карьера күнүнүн эң маанилүү өзгөчөлүгү катары сектор менен таанышууга шарт түзүүсү деп айтсак болот. Студенттер үчүн байланыш көпүрөсү түзүлөт”, - деди проф.докт. Хамза Чакыр.

Проф.докт. Х. Чакыр Карьера күнүнүн билим берүүгө багытталган өзгөчөлүгү тууралуу төмөнкүлөргө да токтолду: “Билим берүү тармагынан алып караганда, бизди кызыктырган маселе бул – сектор азыр кандай абалга келди, сектордун максаттары кандай, эмне иш кылып жатышат, кандай билим алган бүтүрүүчүгө талап жогору, биздин бүтүрүүчүлөрдөн эмне күтүшөт деген суроолор аркылуу биз өзүбүздүн күчтүү жана алсыз тараптарыбызды аңдап сезебиз. Ошентип, келечекке байланыштуу билим берүү программаларын сектордун талаптарына жооп бере тургандай кылып түзүүгө аракет кылабыз”.

Карьера күнүндө ЖМК мекемесине байланыштуу маалымат берген СТВ телеканалынын жетекчиси Калыбек Тайтекев жана коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү, азыркы учурда СТВнын диктору Мунара Кадырдин кызы аталган телеканалда мыкты программа даярдап иштеп жаткан радио, ТВ жана кино бөлүмүнүн 3-курсунун студенттери Мунара Чолпонкулова, Тыныстан Темиржан уулу, Майрамбек Анарбек уулу жана Гүлжамал Өзүбековага сертификаттарды тапшырышты.

Ал эми Казакстан Туран университетинин кино жана ТВ бөлүмүнүн башчысы Ален Кубердиева: “Мен бул жерге конкурста сыйлык алган студенттерге сыйлыктарын тапшыруу үчүн келгениме абдан кубанычтамын. Университетиңердин инфраструктурасы жана мүмкүнчүлүктөрү абдан жакшы. Студенттерге берилген мүмкүнчүлүктөр да жогорку деңгээлде экен. Студенттериңерге ийгилик, жаңы жетишкендиктер жана эл аралык фестивалдарда дагы да сыйлыктарды багындыра беришин каалайм. Менин оюмча, студенттер университетти бүтүргөндөн кийин кайда барып, эмне жумуш кылаарын билиши керек. Туран университетинде бул жылдын март айында Студенттик кинофестиваль өткөрүлдү. Бул конкурска “Манас” университетинин студенттери дагы катышып, байгелүү орундарга ээ болушту” - деп, эң мыкты музыкалык роль категориясы боюнча Самара Мастанова, эң мыкты операторлук иш категориясы боюнча “Мир женщины” тасмасы үчүн Жибек Абдуллаевага сыйлыктарын тапшырды.

Кинозалдагы программанын соңунда “Манастын кыздары” бий тобу бий номерин тартуулашты. Карьера күнү иш-чарасы сектордон келген өкүлдөр менен студенттердин лекция залдарында баарлашуусу менен жыйынтыкталды.

# Белгилүү илимпоз, профессор Л.Үкүбаеванын жаңы китептеринин бет ачары өттү



КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин гуманитардык факультетинин деканы, профессор Лайли Үкүбаеванын жаңы китептеринин бет ачары болуп өттү.*

Чыңгыз Айтматов кампусунун К.Тыныстанов жыйындар залында 2019-жылдын 4-апрелинде өткөрүлгөн бет ачар аземине Кыргыз Эл жазуучусу Султан Раев, КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы, улуу залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун карындашы, белгилүү коомдук ишмер, профессор Роза Айтматова, КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору, ф.и.д., академик Абдылдажан Акматалиев, КР УИАнын корресподент-мүчөсү, ф.и.д., профессор Сыртбай Мусаев, Жазуучулар союзунун төрагасы, акын Нурлан Калыбеков, окутуучулук-профессорлук жамаат, студенттер жана басма сөз өкүлдөрү катышты.

Иш-чарада Лайли Үкүбаеванын кийинки жылдары чыккан эмгектери: «Чыңгыз Айтматов: эстетика и национальная основа», «Чыңгыз Айтматов» (жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча кыргыз, орус, түрк, англис тилдеринде кыскача очерки), «Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн маселелери», «Художественное мастерство Чингиза Айтматова», «Жазгыч акындар жана Осмоналы Сыдык уулу» аттуу илимий эмгектери, «Доорлор жаңырганда» публицистикалык макалалар жыйнагы жана автор жөнүндө калемдештеринин пикирлери камтылган «Илимдеги сапар» аттуу китептери окурмандарга сунушталды.



«Кант жедимби, бал жедимби билбеймин»

КТМУнун Түркология бөлүмүнүн башчысы, доцент Бурул Сагынбаева Лайли Үкүбаеванын өмүр таржымалына арналган докладын окугандан кийин башталган иш-чарада сөз сүйлөгөн проф.докт. Лайли Үкүбаевага берилип, ал 70 жылдык өмүрүндө кант жегенин, же бал жегенин билбегенин, илим жашоосунда жасаган эмгектери тууралуу элге отчет берүүсү керектигин ойлоп жүргөнүн жана ошол себептен бул иш-чараны уюштуруп жатканын билдирди.

Программанын алкагында автордун илимий эмгектери боюнча Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору Курманбек Абакиров «Деңиздей турмуш үстүндө (проф. Лайли Үкүбаеванын чыгармачылык бейнесине сүртүмдөр)» деген темада сөз сүйлөдү. Ал эми окумуштуунун публицистикасы боюнча Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин улук окутуучусу, саясий илимдердин кандидаты Бакыт Орунбеков «Лайли Үкүбаева - публицист» деген чакан баяндама жасады.

Белгилүү илимпоз Л. Үкүбаева

Кыргыз Эл жазуучусу Султан Раев Лайли Үкүбаеваны устат катары көрөөрүн жана анын эмгектеринен көп пайдаланаарын; университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы Л. Үкүбаеванын Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өзгөчө орду бар экендигин жана жасаган эмгектеринин илимге чоң салым кошкондугун; КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору, ф.и.д., академик Абдылдажан Акматалиев Л. Үкүбаева менен бирге 1987-жылы Айтматов клубун түзгөндүгүн жана Анкарада бир жума бою «Айтматов кездешүүсүн» өткөргөндүгүн; залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун карындашы, профессор Роза Айтматова Л. Үкүбаеванын Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасындагы Алтынайдын прототиби экендигин жана жасаган эмгектери менен жаштардын өнүгүүсүнө чоң салым кошуп жаткандыгын; ал эми КР УИАнын корреспондент мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Сыртбай Мусаев Л. Үкүбаеванын кыргыздын арасынан чыккан мыкты аялзаты экендигин баса белгилешти.

Белгилей кетсек, профессор Лайли Үкүбаеванын ондогон публицистикалык жана көркөм китеби, чет элдик жана республикалык мезгилдүү басма сөз беттеринде жарык көргөн 300дөн ашык илимий-публицистикалык макалалары бар

# «Түрк жана кыргыз тилдерин аралыктан окутуу» порталы ачылды

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде «Кыргыз жана түрк тилдерин аралыктан окутуу» порталы иштей баштады.**

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**




“altinkopru.manas.edu.kg” жана “altinkopuro.manas.edu.kg” линктери аркылуу байланууга мүмкүнчүлүк берген бул порталды таанытуу программасынын ачылыш аземи үстүбүздөгү жылдын 10-апрелинде Ректорлуктун жыйындар залында болуп өттү. Иш-чарага окуу жайдын ректору, проф.докт. Себахаттин Балжы, биринчи проректор, проф.докт. Асылбек Кулмырзаев, Чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү, доц.докт. Таалайбек Абдиев, Чет тилдер жогорку мектебинин окутуучулар жамааты жана студенттер катышты.

Ректорлуктун жетекчилиги астында Чет тилдер жогорку мектеби тарабынан ишке ашырылган бул долбоорго аталган жогорку мектептин тажрыйбалуу окутуучулары абдан чоң жардам беришти. Эл аралык стандарттарга шайкеш даярдалган бул окутуу системасы долбоорун ишке ашырууда видеого тартуу жана монтаждоо иштерин Медиаманас тобу, ал эми даярдалган материалдарды интернет айдыңына орнотуу, сайт түзүү иштерин Маалымат технологиялар башкармалыгы ишке ашырып, тил үйрөтүү порталынын даярдалышына өз көмөктөрүн көрсөттү.

Ректор, професср Себахаттин Балжы учурда дүйнөдө тилдердин жашап калуу же өлүп жок болуу күрөшү жүрүп жатканда жалпы эле Түрк тилдерин мындай ыкчам ыргак менен техникага салып үйрөтүү кызматтары абдан керектигин жана пайдалуу болоорун баса белгиледи. Бул портал аркылуу КТМУнун дүйнөгө ачылганын баса белгилеген проф. С. Балжы мындан ары түрк тилинин жана кыргыз тилинин дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун КТМУ түзгөн мүмкүнчүлүк аркылуу үйрөнүүгө мүмкүн болоорун, бир тараптан тил үйрөнүүнү каалагандар үчүн, экинчи тараптан, билимин жогорулатууну КТМУда ишке ашырууну каалагандар үчүн бул портал жардам берерин кошумчалады.

Аталган долбоор 1997-жылдан берки тажрыйбанын жыйынтыгы экендигин белгилеген биринчи проректор, профессор А.Кулмырзаев бул порталга кызыккандардын баарына бекер жана сапаттуу тил үйрөтүү мүмкүнчүлүгү берилгендигин айтты.

Ал эми Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы профессор Н.Ишекеев Кыргыз тилинин КТМУда абдан жакшы үйрөтүлүп жатканын баса белгилеп, аталган сапаттуу тил үйрөтүү системасынын жаңы ачылган портал аркылуу дүйнөнүн бардык жерине жете турганын жана биздин коом үчүн чоң пайда алып келе турганын айтты.

Чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү, ф. и. к, доцент, Т.Абдиев КТМУнун коомго пайда алып келе турган маанилүү долбоорду ишке ашырылганын; ал эми мүдүрдүн орун басары, ага окутуучу Мухиттин Гүмүш портал колдонуучуларына тил үйрөнүү максатларына ылайыктуу окуп үйрөнүү, жазып үйрөнүү, угуу, түшүнүү жана сүйлөшүү жөндөмдөрүн өнүктүрө турган система түзүлгөндүгүн билдирди.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин Чет тилдер жогорку мектебинин окутуучулары Ахмед Бугра Инал бул порталдын түрк тили бөлүмү боюнча, Кыял Токтоналиева жана Венера Туратбек кызы кыргыз тили бөлүмү боюнча билдирүү жасашты.

Иш-чара эстеликке сүрөткө түшүү менен аяктады.

# Ректорлук тарабынан салттуу экскурсия иш-чарасы өткөрүлдү

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) студенттерине арналган салттуу экскурсия иш-чарасы өткөрүлдү. Ректорлуктун жетекчилигинин алкагында Студент жана бүтүрүүчү координация бюросунун жетекчилиги тарабынан уюштурулган иш-чарага ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы, проректор проф.докт. Хүсейин Өгүт жана студенттер катышты.***

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**



Экскурсияда Кыргызстандын табигый кооздуктары менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон студенттерге тамак-аш ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы, проректор проф.докт. Хүсейин Өгүт тарабынан тартууланды.

Ректор, проф.докт. Себахаттин Балжы аталган иш-чарага байланыштуу төмөнкүлөргө токтолду: «Бүгүн университетибизде 2018-2019-окуу жылына карата окуу жайдагы ар кандай коомдук, маданий, спорттук, илимий жана искусство жаатындагы иш-чараларыбыз аркылуу университетти эң мыкты деңгээлде көрсөткөн жана сапатын арттырган сүйүктүү студенттериbиз менен салттуу экскурсиябызды өткөрүп жатканыбызга абдан кубанычтабыз. Биз КТМУнун жалпы жамааты катары бир туугандыктын, достуктун, биримдиктин, ынтымактын атмосферасы өкүм сүргөн окуу жайда 14 өлкөдөн келген 22 улуттун өкүлүнөн турган жаштарыбыз менен бул окуу жылын ынтымакта, тынчтыкта жана достукта өткөрүп жаткандыгыбызга байланыштуу Кыргызстаныбыздын, Теңир-Тоонун этегинде дагы бир жолу экскурсия өткөрүп жатабыз».

Иш-чаранын соңунда катышуучулар эстеликке сүрөткө түшүштү.

# Ала качуу салтпы же кылмышпы?

***Кыргыз коомчулугуна кеңири жайылган ала качуу салты бар. Бири-бирин сүйгөн жаштар материалдык жактан мүмкүнчүлүгү жок болуп же үй-бүлөсү тарабынан уруксат берилбеген учурда жигит кыздын макулдугу менен ала качат. Социалдык жана маданий жактан алганда коомдо кабыл алынган бул салт, азыркы күндө аялга болгон жыныстык жана физикалык жактан зордук көрсөтүүнүн жана кылмыштуулуктун түрү болуп калды. Айрым учурларда кыздын өлүмү менен аяктаган ала качуу бүгүнкү күндө көп бүлөгө мүшкүл жаратып жатканы кооптондурат.***

**КАБАР: ФАРИДА КАЧЫБЕКОВА**

Илгертен бери эле бири-бирин жактырган эки жаш өз ара макулдашып, ала качуу жолу менен баш кошкон учурлар арбын эле учурайт. Бирок убакыт өткөн сайын бул салт мурдагыдай кыздын эрки менен эмес, эркектердин жактырган кызын зордоп ала качып, үй бүлө күтүүгө мажбурлаган ишке айланды. Жаш кыздарды мурда-кийин эч көрбөгөн, таанымбаган бирөө ала качып кеткен окуялар учурда үрөй учурат. Андай тагдырга туш болгон кыз айла жок намыска тийген кеп-сөздөн коркуп, ошол бейтааныш же чала тааныш кишиге башын байлап калган учурлар көп кездешет. Бирок, көп учурда мындай жол менен турмуш куруу-га мажбур болгон кыздардын турмушу ойдогудай болбойт. Алар физикалык жана психологиялык жактан жабыр тартып чүнчүп кетишет. Ушундан улам ала качуунун арты өлүм же түрмө менен бүткөн окуялар көп учурайт.

Мамлекеттик органдар кыз ала качууга катуу көңүл буруп, кылмыш катары кароо күч алды. Алсак, Кыргызстанда кыз ала качуу 2012-жылдан тартып, кылмыш катары эсептелет. Ала качууга катышкандар 3 жылдан 7 жылга чейин эркинен ажыратылышы мүмкүн. Жүргүзүлгөн изилдөөлөргө таянсак, Кыргызстанда күнүгө 32 жолу, жылына 11800 ала качуу фактысы катталат. (булак көрсөтүлсүн) Бирок көбүнчө эки тарап ич ара келишип алып, сотко чейин жеткирбей ишти жапкан учурлар арбын учурап, кылмыш жасагандар жазаланбай калышууда.

**Мүрзө жана түрмө менен бүткөн окуялар**

Жылдыз Примбердиева Кыргызстандагы ала качуу кылмышынын курмандыктарынын бири. Аны 20 жашында өмүрүндө көрбөгөн коңшу айылдан бир жигит ала качып кеткен. Жылдыздын ата-энеси кызын түшкөн жеринде кал деп көндүрүшкөн. Көп өтпөй күйөөсү жаш келинге кол көтөрүп, кордой баштаган. Мындай кордукка чыдабаган Жылдыз өзүнө тиешелүү буюм-теримин алып, төркүнүнө кайтып келет. Бирок ата-энеси аны кайры күйөөсүнө жеткирип беришет. Жылдыз Примбердиеванын башынан өткөн окуяларын сиңдиси Нуркыз Примбердиевадан уксак: "Ата-энем ала качуу салт деп ой-боюна койбой Жылдызды барган жеринде отургузуп коюшту. Үч айдын ичинде күйөөсүнөн көргөн запкыга чыдабай, эжем эки жолу үйгө кайтып келди. Биринчи жолу кайтып келгенинде, ата-энем "эл эмне дейт" деп кайра күйөөсүнө жеткирип беришкен. Апам ага: "Жашоо деген ушундай. Эмне деп ойлодуң эле? Ажырашып кетсең болбойт. Кайра барып күйөөң менен жаша", - деп көндүрдү. Ошол түнү эжем байкуш өз жанын кыйып, жапжаш бойдон бу дүйнө менен коштошуп кете бериптир. Жылдыз өлөр алдында үйүндөгүлөргө кат жазып кеткен экен. Анда: "Мен эч кимге керек эмес экенмин... Апа, ата, мени кечириңиздер" деп жазыптыр. Кызын ушинтип жоготкон эне мээсине кан куюлуп, майып болуп төшөктө жатып калды. Каргашалуу окуя Примбердиевдердин үйүндө болгондуктан, ата-эне эч жерге кайрыла алган эмес экен.



Ала качуу салтынан жапа чеккендердин дагы бири – 35 жаштагы Ракыя Кененбаева. Аны да өзү каалабаган бирөө ала качып алган. 10 жыл бою күйөөсүнүн кордугун көрүп, психикалык жактан жабыркаган. Акыры ошондой жаңжалдардын бири күйөөсүнүн өлүмү менен аяктаган. Ал каргашалуу окуя тууралуу Ракыя буларды айтып берди: "Күйөөм мени ала качканда 20 жашта элем. Аргасыз отуруп калдым. Бир балалуу болдук. Балалуу болгондон кийин, күйөөм өзгөрө баштады. Арак ичип, күнүгө кол көтөрө баштады. Бир жолу адатынча мени сабап кирди. Өзүмдү коргош үчүн аны түртүп жибердим. Тепкичтен ылдый кулап түштү. Жанына жетип бардым. Жансыз жатып калыптыр. Ошондо экөөбүз тең өлгөнүбүздү түшүндүм". Күйөөсүн өлтүрдү деген айып менен, Ракыя 20 жылга кесилип кеткен. Баласы карай турган кишиси болбогондуктан, мамлекеттик интернатка берилген. Ракыя учурда жаза мөөнөтүн өтөп жаткан учуру. Ал уулу менен жолугуша турган күндү эңсеп күн өткөрүп келет.

**"Ала качып алган жерден болочок жолдошум куткарган"**

Кыргызстанда ала качууга туш болгондордун дагы бири – Айнагүл Баатыралиева. Айнагүл ал күндү мындайча эскерет: "Апам чоңоюп калдың, тышка жалгыз чыкпа, караңгыга калба, ала качып кетет деп айта берчү. Бир жолу окууга кетип баратсам, алдыман жаш жигит чыкты. Бир нече балдар оозумду жаап, күч менен автоунаага салышты. Көчөдө көп эле адамдар болсо дагы, эч ким жардам берген жок". Кызды бир үйгө алып келишип, ага аялдар кыйнап жоолук салып отургузушат.

"Отурбайм деп жулкунуп сыртты көздөй жөнөдүм. Бир улгайган аял эшиктин алдына жолума жатып алыптыр. Бизде кемпир-чалдын үстүнөн аттап өтпө, бактысыз болуп каласың деп коюшат эмеспи. Айлам кетип, аттап өтө албай, отуруп калдым". Бирок, бул үйдөн качып чыгууга арга издей баштайт. Жанында ойноп отурган кичине балдардан, чөнтөк телефонун сурап алат да, акырын сүйлөшүп жүргөн жигитине чалат. Кыздын кабарын алган жигити тез арада жетип келип, ала качкандарга "арыз жазбайбыз" деп ары-бери тарткылашып сүйлөшүп атып, кызды куткарып алып чыгып кетет.

Кыргызстанда бир топ мезгил илгери ала качуу коомдо салт катары кабыл алынып, кылмыш катары каралбай калган учурлар болгон. Этнолог Айнура Садырбаева азыркыдай ала качуу кыргыздын салты эмес дейт. Ал: "Мурда кыздын макулдугусуз ала качуу деген болгон эмес. Эгер эки жаштын баш кошуусуна үй бүлөсү каршы чыкса же бири-бирин жакшы көрө тургандыктарын ата-энесине айта албай турган болсо гана жигит кызды алып каччу. Дагы бир учур – бул той өткөрүүгө жигит тарaптын акча каражаты тартыш болгон тапта да, кызды ала качып алууга аргасыз болгон. Бирок бул сөзсүз түрдө кыздын каалоосу менен ишке ашырылып келген". Азыркы учурда кыз ала качуу салт эмес, кыздын турмушуна балта чаакан кылмыш дейт А. Садырбаева. Анын пикиринде, буга тиешелүү күч органдары жана кызматтары катуу чара көрүшү керек. Кыз ала качуу коомдо салт катары кароо аны адам уурдоо менен барабар кылмыш катары кабыл алынуусуна жолтоо болот дейт этнолог.

**Салтпы же кылмышпы?**

Медициналык окуу жайда окуган 19 жаштагы студент кыз Бурулай Турдалиеванын окуясы коомчулукта чоң резонанс жараткан окуя болгону белгилүү. Бурулайды 30 жаштагы М. Б. аттуу маршрутка айдоочусу ала качып бараткан жерде күч органдары тарабынан кармалып, бирок тилекке каршы, болгондо да милициянын участогунда өлтүрүлгөнү коомчулуктун үрөйүн учурган окуя болду.

Бул окуя 2018-жылдын 27-майында болуп өткөн. М.Б. аттуу жигит Бурулайды ушуну менен экинчи жолу ала качкан. Бир ай мурда да ал кызды ала качып, бирок кыздын ата-энеси катуу тургандыктан, кайра артка кайтарууга аргасыз болгон. Ошондон бери ортого ата-энесин, туугандарын салып, кыздын колун сурап, тынчтык бербей жүргөн. Бирок Бурулай ал жигитте көңүлү жоктугун, сүйлөшкөн башка бир жигити бар экенин айткан. Бурулайдын ата-энеси кооптонуп, кызын туугандарынын кыңында жашатканга да мажбур болушкан. Бирок мындай аракеттерге карабай, 27-май күнү дүкөнгө чыккан Бурулайды М.Б. зордоп машинеге салып ала качып кеткен. Окуянын изи менен кыздын атасы дароо милицияга кабарлап, ала качкандар кармалып милиция участогуна жеткирилиген. Тилекке каршы, Бурулайды тигил жигит ошол милиция бөлүмүнүн ичинде бычактоого жетишкен. Натыйжада жапжаш кыз мыкаачынын колунан мерт болгон. Бурулайдын ата-энесине чырактай кызынын сөөгүн кучактап сыздап отуруп калышкан.

Бурулайдын бир тууганы ал окуяны мындайча баяндап берди: "Бурулайды алып кетели деп келсек, анын өлүк денесин көрсөтүштү. М.Б. менен бир бөлмөгө киргизип коюшуптур. Ал Бурулайды бир нече жолу бычактап, денесине Бурулайдын жана анын жигитинин баш тамгаларын бычак менен жазыптыр". Бул окуя кыргыз коомунда кыз ала качууга карата көз карашты түп тамырынан бери өзгөрттү десек болот. Бурулайдын окуясы кыз ала качуу – бул эч кандай салт эмес, а коркунучтуу кылмыш экенин дагы бир жолу айкын көрсөтүп, чоң сабак болду. Бирок, бул сабак абдан чоң жоготуу менен коштолгону өтө кейиштүү болгону айтпасак да түшүнүктүү.

## Күлдүргөн киши:

# Али Танрыверди

КАБАР: САМИРА ШАРИПОВА

***«Сүйүү айтпай келет», «Тентек токой», «Милдетибиз – эс алуу» жана «Чөөлөр менен бий» сериалы сыяктуу көптөгөн көрүүчүлөрдүн сүйүмөнчүгүнө ээ болгон тасмалардын сценаристи Али Танрыверди менен Түрк кино сектору жана сценарий жазуу тууралуу маектештик.***







**- Менеджмент бөлүмүн бүтүргөнүңүз менен азыр сценарист болуп иштеп жатыптырсыз. Бул ишке кантип киришиип калдыңыз?**

- Бала кезимден бери киного барганда же сыналгыдан кино көргөндө алгач анын сценаристи ким болду экен деп кызыкчу элем. Кийинчерээк бир туугандым экөөбүз көргөн кинобуздагы актерлорду туурап ойноп ошол кинону кайталачубуз. Мектепти аяктагандан кийин жогорку окуу жайга менеджмент бөлүмүнө өттүм, бирок киного болгон кызыгуум жоголгон жок. Тескерисинче, сценарий тармагына кызыгуу андан да артты. Эң алгач 2009-жылы популярдуулукту багынткан «Сүйүү айтып келбейт» деген үйрөнчүк сценарийимди жаздым. Андан соң «Чөөлөр менен бий» сериалы менен жаралды. Учурда болсо боштондук согушун, Стамбулдун басып алынуусун чагылдырган «Же эркиндик же өлүм» аттуу тасманын үстүндө иштеп жатам.

**«Адамдардын башынан өткөргөн окуяларды айтып берүүнү жактырам»**

- Адатта, жазуучу бул же тигил темада жазганды жакшы көрөм деп айтышы мүмкүн. Ошол сындуу эле мен биз жашап жаткан дүйнөдө көңүл көтөргөн күлкүлүү окуяларга маани берем. Себеби күлкү тартуулаган учур бакыт тартуулап, жашоого жакшы көз-караш менен кароого үндөйт да. Көп күлгөн күнү эртең менен да жумушуңа бактылуу болуп барасың. Мага көбүнчө комедия жанрында жазган кубаныч тартуулайт, бирок негизинен эле адамдардын башынан өткөргөн окуяларын айтып берүүнү жактырам. Эми албетте, бул менин табитим, а негизи комедиябы, драмабы же башкасы чыгарманын мыкты чыгышы маанилүү да.

**- Сценарий жазганда эмнелерге көңүл бурасыз?**

- Биринчиден, сценарист элге эмне жөнүндө айткысы келгенин өзү жакшы түшүнүшү керек. Тасмада айткыңыз келген ой баарынан маанилүү. Мен, негизинен, сценарий жазганда эмне ойду айтым келгенин так аныктап алам. Андан кийин окуянын кийинки баскычтарын бардык адам өзүнө бир жыйынтык ала тургандай кылып, башына келе турган же кандайдыр бир таасир ала турган теманын негизинде улантам. Ошондо ар бир адам өзү жөнүндө же бир акын адамы жөнүндө тасмадан бир нерсе таба алгыдай болот. Маани берген дагы бир маселе окуяларды жазганда калыс, адилет болууга аракеттенем.

**«Чөнтөккө жараша кыялданышыбыз керек»**

- Бир нерсе жазуудан мурда кыялданасың. Бул жерде дароо эсиме мындай суроо келет; мен кыялданып жатам, бирок аны тартканда мүмкүнчүлүгүм барбы? Ошондуктан, сценарий жазганда мени ойлондурган эң чоң көйгөй – бул кыялданган нерсени ишке ашырууда ага тоскоол болгон экономикалык жагдай. Биз, албетте, Стамбулда колубуздан келгенди кылганга аракет кылабыз, бирок, ошол эле учурда, бизде Голливуддагыдай мүмкүнчүлүк болбогондугу да моюнга алышыбыз керек. Экономикабызга карата кыялданышыбыз керек. Америкада жашаган ар бир сценарист ууп баратып оозу менен окту тоскон каарман жаратышы мүмкүн. Себеби кыялданган окуясын чагылдыруу үчүн 100 млн. долларлык каражаты бар алардын. Ошондуктан, биз көбүнесе адам тагдырын чагылдырганга көбүрөөк басым жасайбыз. Анткени, тигилердикиндей супер каарманды чагылдыргандан көрө, сатиралык же драмалык окуялар бюджетти аз талап кылат. Аз дегеним деле 1-2 млндон аз эмес сумманы түзөт.

**-Түрк тасмаларына жана сериалдарына кандай баа бересиз?**

- Бул боюнча, биринчиден, буларды айтым келет: түрк сериалдары абдан узун. Дүйнөдө комедия сериясы 25-30 мүнөттүк, драма сериясы 45-50 мүнөттүк болот. Ал эми бизде бир нече саатка созулат. Мындай нерсе өзгөчө комедия жанрына ийгилик алып келбейт. Адамдар эң көп жарым саат тынымсыз күлөт. Андан кийин ишин канчалык сапаттуу болсо болсун, газы тараган суусундуктай эле тамашанын да даамы качат.

**«Сүйүү, көз жаш жана азап көпчүлүк учурда жакшы кабыл алынат»**

- Түрк сериалдары көбүнчө драма жанрында тартылып жатат. Анткени, драмада бир жагынан, узун бөлүмдөр болушу мүмкүн, экинчи тараптан, дүйнөгө чыгууга ыңгайлуу. Сүйүү, кубаныч-кайгы, бакыт-бактысыздык сыяктуу темалар жалпы адамзаттык темалар катары глобалдуу да. Башка өлкөлөрдө да тез эле таанылат. Ошондуктан, дүйнөдө түрк сериалдарына суроо-талап көп болгон 3-4 өлкөнүн бирибиз.

**-Кыргызстан тууралуу алгачкы таасирлериңиз кандай болду? Бул аймакка байланыштуу кандайдыр бир долбоор иштеп чыгуу оюңузда барбы?**

- Бул жерде менин көңүлүмдү бурдурган негизги нерсе – бул адамдардын жайбаракат жүргөнү жана жылмайыңкы жүздөрү болду. Көздөрү жанып турган жаштарды көрдүм. Кыргызстандын дүйнөдөгү имиджи, чагылдырылышы кыргыз жаштарынын көркөм, маданий жана визуалдык тармактарды өздөштүргөнүнө байланыштуу болот. Бул аймакка байланыштуу долбоорлор болсо, аларга кол кабыш кылып, өз салымымды кошууга даярмын. Бирок аны ишке ашыруу үчүн көп убакыт керек. Себеби, эгер бир өлкөдө комедиялык жанрда тасма тартууну кааласаң, ал жерде көп убакыт болушуң, аларды таанып-билишиң, алардын адаттарын, көндүмдөрүн үйрөнүшүң керек. Баарынан маанилүүсү, алар эмнени жакшы көрөөрүн, эмнелерге күлөрүн билишиң керек. Бирок, Түркия менен Кыргызстан боордош мамлекет катары жалпы окшоштуктарыбызды аныктап, жакшы долбоорлорду ишке ашырсак болот.

**«Талыкпаган эмгек гана ийгиликке жеткирет»**

- Бир тараптан, эки боордош өлкөнүн ортосунда, экинчи тараптан, башка өлкөлөр менен бирдикте ортот долбоорлорду жаратууда эң негизги милдет «Манас» университетинин коммуникация факультетинин студенттерине жүктөлөт. «Манас» университети – чоң университет. Коммуникация факультети да көп мүмкүнчүлүктөргө ээ. Студиялары, техникалык объектилери жогорку деңгээлде жабдылган. Жогорку сапаттагы камералары бар. Студенттердин практикалык иштери үчүн уктуруу диапазону жогору радиосу жана үзгүлтүксүз чыгып жаткан гезити бар. Кыскасы, коммуникация тармагында бул факультет бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мындай шарттарда ийгиликке жетишүү үчүн зарыл болгон бир эле нерсе коммуникация факультетинин студенттери талыкпай эмгектенип, жаңы көп долбоорлорду жаратышы керек.

# Кофе менен сүрөт тарткан сүрөтчү

***Кофе дүйнөгө Арабстандын жарым аралынан тараган. Агартуу доорунда кофе маалымат менен иштегендердин, интеллектуалдардын, соодагерлердин жана клерктердин арасында мээни жакшы иштете турган сапатка ээ делип кеңири жайылган. Ошол кездеги коомдук-саясий окуяларды талкуулоо үчүн чогулган интеллигенциянын чогулушу кофесиз өтчү эмес экен. Ошентип кофе башка өлкөлөргө да жайылтылып, азыркы күндө бардык элдердин маданиятына сиңип кетти. Гезитибиздин бул санында сиздерге кофенин мээ сергитүүчү касиети жөнүндө эмес, а сүрөт өнөрүндө колдонулган уникалдуу көрүнүш тууралуу баяндап бермекчибиз. Анда эмесе, кофе менен сүрөт тартуу өнөрүнүн ээси Нурлан Дүйшөбековдун өнөрканасына баш багалы.***



КАБАР МИРАЙЫМ
АЛМАСПЕК КЫЗЫ





27 жаштагы Нурлан Дүйшөбеков сүрөтчүлүк өнөрдү аркалап калышына атасы Алаев Дүйшөбектин таасири чоң болгон. Алаев Дүйшөбек Көркөм сүрөт академиясында мугалим болуп иштечү экен. Тилекке каршы, ал 2006-жылы көз жумган. Нурлан атасынын чыгармачылыгынан таасирленип чоңоет: «Атамдын өнөр адамы болгонунан улам балачагымдан сүрөт тартканга абдан кызыкчумун. Башында карикатура тартып алектендим. Кийинчерээк атамдын кеп-кеңешин угуп, акырындык менен сүрөтчүлүк өнөрүн да өздөштүрө баштадым».

Нурлан өзү Кыргыз улуттук университетинин салык иштери факультетинде билим алган. Студенттик кезинде бариста болуп иштеп жүрүп, кофеге кызыгып калат. Интернеттен кофе менен тарткан сүрөтчүлөр тууралуу маалыматтарды окуп калат. «Бариста болуп иштеп жүрүп, кафе барлардагы Lal-art (кофелердин үстүнө сүрөт түшүрүү) өнөрүнө арбалып калдым. Биринчи жолу эспрессонун үстүнө сүрөт түшүргөм. Кийин даяр кофелерге эле сүрөттөрдү тарта баштадым. Даяр кофелерде сүрөттөр жакшы түшүрүлүп, түстөр жакшы берилет. Мындан сырткары даяр кофенин жыты да жагымдуу болот. Lal-artka кызыга баштаган соң, кружкадагы кофенин бетине тартылган сүрөттөрдү кагазга түшүрө баштадым.

## Кафедеги алгач көргөзмө

Түрдүү материалдар жана техникалар менен иштей билген жаш сүрөтчү Н. Дүйшөбеков кара карандаш, акварель боектору жана гуашь менен иштегенди жакшы билсе да, кофе менен иштөөнү бардыгынан артык көрөрүн айтат. Кофе менен тартылган сүрөттөрдүн түстөрү ар кандай тондордо ачык, таамай-таасын, көркөмдүү чыгат дейт ал.

Н. Дүйшөбеков кофе менен тартылган сүрөттөрүн көрүүчүлөрүнө алгач кафеде көргөзгөн. Көргөзмөнү 7 жаштан 70 жашка чейин көптөгөн адамдар жактырган. «Көргөзмө учурунда чоңдордун да, жаш балдардын да көздөрүндөгү жанып турган кызыгууларын көрүп абдан кубангам. Бул өнөр түрүнүн элдин арасында жайылтышым керек деп ойлодум. Ошондуктан бир гана Кыргызстанда эмес, башка мамлекеттерде да көргөзмөлөрдү уюштурайын дедим. А көргөзмөлөрдөн түшкөн киреше муктаждыгы болгон балдарга берем. Бул өнөрдүн өнүгүүсүнө да салым кошуп, балдарга да жардамымды тийгизсем дейм». Учурда Нурлан жаштарга кофе менен сүрөт тартканды үйрөткөн мастер-класстарды өткөрүп келет. Сүрөтчүнүн бул өнөрүнүн жаштардын арасында жайылып, келечекте өркүндөп өсүшүнө үмүтү чоң.

## «Кофенин ичинде кыргыз инсаны бар”

Нурландын кофе менен тартылган сүрөттөрүндө Кыргызстандын мыкты жерлери чагылдырылган. Ал кыргыз адамынын образын дүйнөгө тааныткысы келет. «Портреттерди тартууну өзгөчө жактырам. Адамдардын жестери, мимикалары, каштарынын түзүлүштөрү, ыйлаган, кайгырган учурлары, эмоционалдык сезимдери кофе менен тартылган сүрөттөрдө даана көрүнүп турат. Ошондуктан сүрөттөрүмдө адамдар алдыңкы планды түзөт. Тартылган бардык сүрөттөр Кыргызстанга арналган. Сүрөттөрдө кыргыз элинин маданияты, каада-салттары, үрп-адаттары, кийим кечелери, жашоо стилдери, жүрүм-турумдары чагылдырылат. Кыргыз элинин атактуу ысымдары да бар. Мисалы, Чыңгыз Айтматов, манасчы Саякбай Каралаев сыяктуулар.

## Искусство – коомдуктун туу чокусу

«Искусстводон алыстаган калктын келечеги коркунучка учурайт» - дейт Н. Дүйшөбеков. «Дүйнөнү бардык коркунучтан искусство куткарат. Себеби искусство – коомдуктун туу чокусу. Дүйнө жүзүндөгү бардык адамдар искусствого болгон сүйүүсүн жана кызыгуусун арттырса, согуштар, трагедиялар жана башка терс көрүнүштөр жок болгон дүйнөдө жашай алабыз деп ишенем. Искусство адамдын жан дүйнөсүн тазартат. Ошол себептен коомду искусствого тартышыбыз керек. Келечектин үмүтү болгон балдарыбызды искусствого жакындаштырышыбыз зарыл».

## Чет өлкөдө көргөзмөлөрдү уюштургум келет

Н. Дүйшөбеков учурда Бишкек шаарындагы орто мектептердин биринде Графика жана информатика сабагы боюнча мугалим болуп иштейт. Ал жакында Американын Лос Анджелес шаарындагы көргөзмөгө катышып келген. Ошондой эле Англиянын Лондон шаарында өткөрүлгөн көргөзмөгө чакыруу алып, бирок почтадан жиберген сүрөттөрү убагынан кеч калып, тилекке каршы, катыша албай калган. Өзүнүн чеберчилигин жана өлкөсүн таанытууну көздөгөн жаш сүрөтчү, чет өлкөдөгү көргөзмөлөргө катышууга умтулуп келет. Ал Кыргызстандын коомдугун, маданиятын жана менталитетин өзүнүн адаттан тыш сүрөттөрү аркылуу дүйнө жүзүнө таанытууну самап келет.



***28 жаштагы жапониялык балерина Мегуми Матсумото балериналык билим алуу үчүн Орусияда окуп жүрүп кыргызстандык жаш балет бийчиси Атабек Садыркулов менен таанышат. Бул таанышуу Матсумотонун кесиптик жана жеке жашоосунда жаңы барактын ачылышына себеп болот. Матсумото менен Садыковдун Орусияда башталган сүйүү романы Кыргызстанда уланып, акыры жапондук балерина Матсумото Кыргызстанга келин болуп калат.***

КАБАР: САМИРА ШАРИПОВА

# Кыргызстанга келин болгон жапон балерина кызы

### "Эжемден улам балетке кызыгуум ойгонгон"

Мегуми Матсумото 4 бир туугандын экинчиси. Атасы – архитектор, апасы – болсо үй кожойкеси. Ал 1991-жылы Жапониянын Токио шаарында жарык дүйнөгө келген. 3 жашында эле өзүнөн чоң эжесинин балет менен машыкканын көрүп, бул өнөргө арбалып калган. Бир учурларда стюардесса болгусу келген кыз кайра эле эжесин ээрчип жүрүп, балет бийлеген кыздарды көрүп, стюардесса болом деген кыялынан баш тартат. Алтургай, эжесинин кийинчерээк балетти таштагандан кийин да, ал балерина болуу кыялынан айныган эмес.

Токиодо хореографиялык окуу жайда окуган Матсумото 12 жашка чейин бир топ балет конкурстарына катышат. Жапониядагы билимине канааттанбаган кыз өз өлкөсүндө көп сандаган балет студиялары болгонуна карабай, балет мектебинин алдыңкы тажрыйбалар орун алган Орусияга өзүнүн профессионалдык жактан жетилтиш үчүн багыт алат.

### 15 жашында Орусияга болгон кызыгуусу ойгонот

Мегуми 15 жашка толгондо Орусиянын Перм шаарында жайгашкан Перм Мамлекеттик университетинде билим ала баштайт. Бул жерде 4 жыл кесиптик хореографиялык билим алат. Матсумото 20 жашында Орусиянын борбору Москва шаарындагы Балет театрында бүтүрүү аземинде «Корона русского балета» алдыңкы Москва балет театрына чакырылат. Бул жерде Бишкек хореографиялык окуу жайды бүтүрүп Кыргыз улуттук опера жана балет театрында иштей баштаган кыргызстандык жаш балет бийчиси Атабек Садыркулов менен таанышат. Экөө «Корона русского балета» театрынын бийчилери менен бирге Орусиянын көп жерлерин кыдырышат жана дүйнөлүк деңгээлдеги турнирлерге катышат.

### "Кыргызстан жана кыргыздар тууралуу билбечүмүн"

Жаш балерина Мегуми Атабекти алгач көргөндө аны кытайлык же кореялык болсо керек деп боолголойт. Кийинчерээк анын орусча абдан жакшы сүйлөгөнүн көрүп, анын тегине кызыгып калат. Атабек менен жакындан таанышкысы келип, андан кайсы жерден экендигин сурайт. Алгачкы жолу алар ушинтип таанышкан экен. Алгачкы таанышуу учурун Мегуми төмөндөгүчө эскерет: «Атабек мага Кыргызстандан келген кыргызмын дегенде чындыгында таң калдым. Мурда эч мындай өлкөнүн бар экенин укпаган экем. Кыргыз улуту тууралуу да билбептирмин. Кыргызстан деген сөздү алгач укканымда акыркы «стан» деген сөз менен бүткөндүктөн, Афганистан сыктуу граждандык согуш жүрүп жаткан же болбосо Түркменистан сыяктуу өлкө болуш керек деп ойлогом. Атабек мындай ойлорумду түшүнүү менен кабыл алып, Кыргызстан жана кыргыздар тууралуу мага кенен баяндап берди».

2014-жылы экөө Мексикада турнирге чогуу катышат. Ошол турнирде ортолорунда сүйүү сезимдери пайда болот. Алар алгачкы жолу Петр Ильич Чайковскийдин «Лебединое озеро» балетинде бийлешет. Дал ушул балет экөөнүн үй-бүлө куруу үчүн алгачкы кадам таштоолоруна себепчи болот. Мегуми Атабек экөөнүн ортосундагы пайда болгон мамиленин башталышы тууралуу төмөнкүчө эскерет: «Алгач дос болуп жүргөн учурларда Атабек мага бардык жактан жардам берчү. Ал турсун сумкамды да кээде көтөрүп алчу. Мен дагы мага кылган мындай мамилесине кубанып, аны чыныгы джентльмен катары көрчүмүн. А чындыгында Атабектин мындай мамилеси көңүлүмдү өзүнө каратуу үчүн болгон экен». Атабек аны Кыргызстанга чакырат. Ага жооп кылып, Мегуми да аны өз өлкөсүнө чакырат.

Атабек менен бирге Кыргызстанга келген Мегуми: «Алгач Атабектин үй-бүлөсү менен таанышып, Кыргызстанды көрөйүн деп келгем. Бирок Атабектин үй-бүлөсү, Кыргызстан мага бул жерде калып калышыма түрткү берди». Ата-энеси Матсумотонун 15 жашынан бери үйдөн алыс чет өлкөдө жашаганына көнүп калса да, анын Бишкекте жашоосу тууралуу чечимине алгач каршы болушат. Бирок убакыттын өтүшү менен Матсумотонун Кыргызстан тууралуу тарткан сүрөттөрү алардын көз-карашын өзгөрткөнгө себеп болгон. Азыркы учурда Матсумотонун ата-энеси Бишкекке келип, Кыргызстанды көрүүнү жана Атабектин үй-бүлөсү менен таанышууну пландап жатышат.

### "Кыргыз эле болуп калдым"

Бишкекке алгач келгенде тоолорго таң калганын жана айлананы сүрөттөн көрүп жаткандай сезимдерге кабылганын жашырбаган Матсумото кыргыз элинин абдан жөнөкөй жана кичи пейил экенине жүрөгү жылыйт. Өлкөдө маданий баалуулуктардын али да сакталып улантылып келатканын көрүп таң калат. Матсумото кыргыз тамактарын да өзгөчө жактырып калат. Кыргызстанды көрүүгө келген учурда кыргыздарды жакындан таануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жапон кызы Матсумото кыргыздардын абдан меймандос эл экендигин айтат. Кыргыздарда коңшу-колоңдук мамиленин, той-аштын али да жандуу экендигине таң калган Матсумото: «Кыргыздарда үйгө конок көп келет жана кошуна-колоң менен да мамилелер али да болсо жакшы. Биз Атабектин туугандарына конокко көп бардык. Бул жерде бир нече тойлорго катыштым. Адамдар тойлордун кечки алтыда башталышын айтат. Бирок көпчүлүк учурда чакырылгандар тойго саат сегиздерде гана араң келишет. Башкача айтканда тойго эки саат кеч келишет. Ал эми Жапонияда мындай кеч калуу жакшы кабыл алынбайт. Мен да мурда той башталаардан эрте эле барчып алчумун. Азыр болсо той башталаардан 10 мүнөт мурда барам. Кыргыздардагы тойлорго кечигип баруу адатына мен дагы көнө баштадым. Кыргыз эле болуп калдым», - деди күлүп.

Үч жылдан бери Бишкектеги Опера жана балет театрында иштеген түгөйлөр өткөн жылы Ысык-Көлгө барышкан. Матсумото жолдогу кызыктуу окуялар тууралуу төмөнкүчө эскерет: «Көргөндөр мени кыргыз деп ойлошчу. Ошол себептен баары мага кыргызча кайрылышчу. Мен болсо аларды түшүнбөгөндүктөн, жооп бере албайт элем. Атабек менин жапон экендигимди айтканда, ишенбей күлүшүп, менин жапончо сүйлөп бер деп калышчу».

### "Жизелди» бийлегим келет"

Бишкектеги Опера жана балет театрындагы кесиптештери менен ынтымакта иштеп жаткан Мегуми кесиптештеринин баары менен жакын дос болгонун, алардын абдан сыпайы жана ар дайым жардам берүүгө даяр экендигин айтат. Бишкектеги Опера жана балет театрында «Спартак», «Дон Кихот», «Баядерка» жана «Корсар» балетинде роль жараткан Матсумото, эгер Орусияда иштеп калганда бул жердеги жараткан ролдорун жана жетишкендиктерин ал жерде көрсөтө албашы мүмкүн экендигин айтат. Матсумотонун бардык жаш балериналар сыяктуу эң чоң арзуусу сөзсүз «Жизель» оюнунда роль жаратуу.

Матсумотого Кыргызстан кесиптик тармакта эле ийгиликке жеткирбей, жеке жашоосуна да ага бактылуулуктун эшигин ачты дейт. Мегуминин колун кыргыз жигити Атабек ыйык сахнадан сураган экен: «Дон Кихот» балетин коюп, сахнада көрүүчүлөргө ийилип ыраазычылык билдирип жаткан болчумун. Ошол учурда Атабек мага сюрприз кылып көрүүчүлөрдүн астында мага үйлөнүү сунушун киргизди. Абдан таң калдым, эмне дешимди билбей калдым. Болгону «Ырахмат» дегенге гана жарадым». Мегуми менен Атабектин учурда Кыргызстанда жана Жапонияда үйлөнүү үлпөт тойлорун өткөрүү үчүн акча топтоого аракет кылып жатышкан чагы.

# Спильбергдин «Терминал» тасмасы Кыргызстанда чындыкка айланды

***Стивен Спильбергдин «Терминал» тасмасында болгон окуялар чыныгы жашоодо Арлен Хадаанын башына түштү. Ал 5 айдан бери паспортсуз, бир да өлкөнүн жарандыгы жок Кыргызстандын «Манас» эл аралык аэропортунда жашап жатат. Хадаа бул аракетти Кыргызстандан Норвегияга баруу үчүн кылып жатканын билдирет. Бирок, ал күн качан келээри али белгисиз.***

КАБАР: АЙГЕРИМ АКЫЛБЕКОВА



Арлен Хадаа 1985-жылы Кыргызстанда төрөлгөн. Өзбек кызы болгон апасы Советтер Союзу мезгилинде Кыргызстанда жашап жүрүп, кийин эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстандын жарандыгын алууну четтет. Бирок, документтерде чыккан маселеден улам али да болсо жарандык ала элек. Кыргызстанда жашагандыктан бул маселеге көп деле көңүл бөлбөгөн. «Кантсе да Кыргызстандын жарандыгын алам» деп ойлогон апа бир топ маселелерден улам бул жактан да жарандык ала албай убара.

Монголиянын жараны болгон атасынан болсо көп жылдан бери кабар жок. Ошол себептүү Хадаа кайсы бир мамлекеттин жараны боло албай 35 жылдан бери жашап келет.

### Тоскоолдуктар түгөнбөйт

Айылдагы тааныш мугалимдердин жардамы менен мектепти бүтүргөн Хадаа күбөлүгү жана паспорту болбогондуктан университетке тапшыра алган эмес. Бул абал анын бир эле билим алуусуна эмес, социалдык жана экономикалык абалына да таасир берген.

Үйлөнүп балалуу болгон Хадаа иш таппагандыктан үй-бүлөсүн бага албай кыйналган. Кыргызстанда минтип жашоону каалабаган Хадаа үй-бүлөсүн жанына алып, эптеп Норвегияга барат. Хадаа Кыргызстандан Норвегияга чейинки жолчулугун төмөнкүчө айтып берди: «Кыргызстандын жарандыгын алуу үчүн абдан аракет кылдык. Президентке дагы кат жаздык. Жасаган бардык аракеттер текке кетти. Кийинчерээк Норвегияга баруу мүмкүнчүлүгү туулду жана биз дагы мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып Норвегияга бардык».

Хадаа Норвегияда интернеттен көргөн видеолор аркылуу машина оңдоочу болуп иштей баштайт. Бул үй-бүлөнүн бактылуу убактары көпкө созулбайт. Аялы жана балдары Норвегиянын жарандыгын алгандыгына карабастан Хадаа жарандык албагандыктан жана Кыргызстанга депортацияланат. Кыргызстанда жарандык үчүн керектүү документтерди чогултуп, кайрадан Норвегияга жөнөгөн Хадаа Орусияда полиция тарабынан кармалып, "документтерде кемчилик бар" деген жүйө менен кайрадан Кыргызстанга жөнөтүлөт. Хадаанын Кыргызстандын «Манас» эл аралык аэропортундагы кызык жашоосу мына ушинтип башталат.

### 5 айдан бери аэропортто жашап жатат

Хадаа эмне себептен Кыргызстандын аэропортунда жашагандыгын төмөнкүчө түшүндүрдү: "Бул жерде өзүмдүн каалоом менен жашап жатам. Эгер аэропорттон сыртка чыксам үй-бүлөм менен кайра жолуга албай калышым толук мүмкүн. Кыргызстанга кирүү тууралуу уруксат кагазым жок. Катталган жерим мыйзамдуу болбогондуктан чыгарып салышты. Кайра министрликке барсам иштер узакка созулат. Азыркы учурда бир да өлкөнүн жараны эмесмин, бирок Норвегиянын жараны болууну каалагандыгым үчүн алардан жардам күтүп жатам. Мен билгенден Норвегия Кыргызстан менен бул темада сүйлөшүптүр. Эң кыска аралыкта бул маселе чечилет деп үмүт кылам. Күндө Тышкы иштер министрлигине телефон чалып, менин абалым тууралуу маалымат алганга аракет кылам, так жооп бербей жатышат".

### "Үй-бүлөм менен чогуу болууну каалайм"

Хадаа Норвегияга баруу үчүн колдо болгон мүмкүнчүлүктү пайдаланып жатат. ЖМК аркылуу жогору жактагыларга өзүнүн абалын билдирүүгө аракеттенип келет. "Журналисттерге акыбалымды түшүндүрдүм. Абалымды жогору жактагыларга билдирүүсү үчүн жардам сурадым. Азыркы абалыма ич ачышкан кээ бир адамдар мага ысык тамак жана жууркан-төшөк беришти. Менин каалаган нерсем бул эмес. Мен үй-бүлөм менен чогуу болууну каалайм. Бул жерге келгенге чейин бир уулдуу болгом. Тилекке каршы мен аны кучагыма алган жокмун".

Кыргызстан Тышкы иштер министрлиги "Вечерний Бишкек" гезитине берген маалыматта Хадаа үчүн Тышкы иштер министрлиги, Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети, Мамлекеттик чек ара кызматы жана мамлекеттик каттоо комитети болуп 4 мамлекеттик орган иштеп жатканы айтылган. Маалыматта эки өлкө арасында депортация тууралуу келишим болбогондугу жана эки мамлекеттин өзүнө тиешелүү процедураларынын болгондугу, маселени кыска аралыкта чечүү үчүн Хадаанын убактылуу каттоого турушу керек экендиги тууралуу сунуш айтылган.

**"**

***Журналисттерге акыбалымды түшүндүрдүм. Абалымды жогору жактагыларга билдирүүсү үчүн жардам сурадым. Азыркы абалыма ич ачышкан кээ бир адамдар мага ысык тамак жана жууркан-төшөк беришти. Менин каалаган нерсем бул эмес. Мен үй-бүлөм менен чогуу болууну каалайм.***

# Ахыска түрктөрүнүн маданияты таанытылды

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Ахыска түрктөрүнүн маданияты таанытылды. Ага Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Кыргызстандагы өкүлү Атынч Кескин, окуу жайдын ректору, профессор Себахаттин Балжы, Ахыска түрктөрү уюмунун жетекчиси А.Дурсунов, Ахыска сүргүнүнүн катышуучулары жана студенттер катышты.***







Иш-чарада Кавказ жана Орто Азиядагы бүткүл ахыскалык түрктөрдүн 1944-жылы башынан өткөргөн сүргүндөгү катаал турмушу жана күрөшү чагылдырылган сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Көргөзмөгө чыгармалар, карталар, улуттук кийимдер, зергер буюмдар, баш кийимдер, кол өнөрчөлүк, кийизден жасалган аксессуарлар да коюлду.

«Өз мекенибиз Түркия»

Иш-чаранын ачылышында КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы: "Ахыска жана Анатолия аймактары ахыска түрктөрүнүн ата мекени болгон. Ахыска түрктөрү өз жеринен айдалып, башка жерге кетүүгө мажбур болсо да сүргүндүн адам чыдагыс оор шарттарындагы кыйынчылыктарга карабай, башын тик көтөрүп, жашоо үчүн күрөшүп келишти. Ахыска түрктөрү Осмон доорунда эң күчтүү эл болгон, бирок колундагы күчтү жоготуп, жеринен айрылып калган. Ал эми Орто Азия эли кыйын кезеңдерде ахыскалы бир туугандарына жардамын аяшпады. Бүгүнкү күнү ахыска түрктөрүнүн мекени жалпы түрк дүйнөсү", – деди.

«Ахыска түрктөрү ак жеринен жеринен айдалган»

Андан кийин ТКТРнын Кыргызстандагы өкүлү Атынч Кескин өз сөзүндө ахыскалылардын ак жеринен ата мекенинен айрылганын баса белгилеп: "Биз бир тууганбыз, тарыхыбыз, тилибиз, динибиз бир. Кыйын кезеңдерде бири-бирибизге тирек болушубуз керек", - деди.

Кыргызстандагы Ахыска түрктөрү уюмунун жетекчиси А.Дурсунов Ахыска аймагы совет бийлигинин карамагына өткөндөн баштап, ахыска түрктөрү үчүн жаңы доор башталганын, совет мезгилинде ахыска түрктөрү сүргүнгө бир нече жолу айдалып, бир катар союздук республикаларга чачырап, Өзбекстан, Кыргызстан жана Казакстанда жайгашып калышканын айтып, кыйын мезгилдерде жардамын аябаган Түркия менен Кыргызстанга ыраазычылыгын билдирди.

Иш-чара окуу жайдын студенттери тарабынан уюштурулган чакан программалык концерт менен коштолуп, гуманитардык факультеттин түркология бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Жейлан Алиеванын жазган ыры менен башталып, скетчтер, акыя жана фольклордук пьесалар менен жыйынтыкталды.

# Улуттук илимдер академиясы менен тыгыз кызматташуу

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор Себахаттин Балжы жана биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев КР Улуттук илимдер академиясынын президенти Муратбек Жуматаев менен жолугушту.***

**КАБАР: МЕДИА МАНАС**
**ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ**

2019-жылдын 12-апрелинде КР Улуттук илимдер академиясында өткөрүлгөн жолугушууда эки мекеменин ортосундагы байланышты чыңдоо үчүн орток илимий долбоорлор, конгресс жана конференцияларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү.

Ошого байланыштуу эки мекеменин тиешелүү тармактары чогулуп, илим жана тажрыйбаларын бөлүшүү үчүн долбоорлорду жасашат. Айрыкча Кыргыз-Түрк «Манас» университети КР Улуттук илимдер академиясынын Түркия Илимдер академиясы, Түркия Илимдер жана техникалык изилдөө кеңеши, Жакынкы Чыгыш Техникалык университети жана башка техникалык ЖОЖдор арасында кызматташтыкты түзүүгө көмөк көрсөтмөкчү.

Эскерте кетсек, үстүбүздөгү жылдын июль айында КТМУ менен КР Улуттук илимдер академиясы биргелешип илимий конгресс уюштурмакчы.



# Кампуска из калтыруунун бир өрнөгү - жашылдандыруу




***Окуу жайда жаз мезгили менен кошо жашылдандыруу, бак отургузуу иштери салтка айланып калган жөрөлгө. Быйыл да Чыңгыз Айтматов атындагы кампустун тегерегин жашылдандыруу максатында «Өз көчөтүңүздү тигиңиз» аталышындагы иш-чара болуп өттү.***

Иш-чара 8-апрель күнү университеттин Сервистерди тейлөө башкармалыгы жана Студенттик иштер башкармалыгы тарабынан «Жашыл Кампус» долбоорунун алкагында уюштурулду.

Бак-дарак отургузуу, көчөт тигүү иш-чарасы быйыл масштабдуу түрдө өтүп, окуу жайдын жетекчилигинин колдоосу менен бардык мугалимдер, кызматкерлер, студенттер жана бүтүрүүчүлөр өздөрүнүн каражаттарына ар түрдүү дарактардын көчөттөрүн сатып алышып, «Жашыл кампус» долбооруна өз салымдарын кошушту.

Университет бак-дарак отургузуп, көчөт тигүү иштерин салтка айландырганын белгилеген ректор, профессор Себахаттин Балжы: «Жаз алды менен кампусту жашылдандыруу иштери кызуу жүрүп жатат. Жылда баарыбыз текши бак-дарак отургузуп, жашылдандыруу иштерин жүргүзүп келебиз. "Бир бак тиксең, миң соop аласың" дегендей, арык чаап, тегерек-четти жашылдандырып турсак, кандай жагымдуу. Бүгүн 1600дөн ашык түп көчөт отургузулмакчы. Быйылкы бак-дарак отургузуу майрамынын өзгөчөлүгү – бул окуу жайдын 500дөн ашуун мугалимдери, кызматкерлер, студенттер жана бүтүрүүчүлөрү өздөрүнүн каражаттарына ар түрдүү бак көчөттөрүн сатып алышып, «Жашыл кампус» долбооруна өз салымдарын кошууда. Мында ар бирибиз отургузган дарагыбызга өзүбүз суу коюп, карап турушубуз керек. Ч.Айтматов атындагы кампустун ичине тигилген бул көчөттөр кийин дүпүйүп бак болгонун көргөн жаштарыбыз "биз ушул бактарды тиккенбиз" деп сыймыктанасыңар», - деди.

Ал эми окуу жайдын биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев өз сөзүндө кампуска из калтыруунун бир өрнөгү жашылдандыруу экендигин баса белгиледи: «Мына бүгүн жакшы иш болуп, жаңы түптөлүп жаткан бакка «Манас» университетине тиешем бар деген ар бир киши өзүнүн көчөтүн отургузмакчы. Бул иш-чара дагы уланып, каалаган убагыңыздарда бак тигүүгө мүмкүнчүлүктөр болот. Кампуска из калтыруунун бир өрнөгү жашылдандыруу болуп саналат. Ошондуктан «Манас» университетине берилген жер аянтын натыйжалуу колдонуп, парк боло турган жерлерге бак тигип, жашылдандырышыбыз керек. Келечекте кампусубуз Бишкектин тургундары үчүн да эң сонун эс алуучу жай болот деген ишеничтебиз».

Иш-чара көчөт отургузуу жана эстеликке сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.

## «Ленин менен Айт намазы»

Ар кайсы улуттагы миңдеген момун мусулмандар Айт намазын бейпилдик жана боордоштуктун ичинде Бишкектин Ала-Тоо аянтында окушту.

*Тыныстан Темиржан уулу*

2019, Бишкек/Кыргызстан




## «Өзгөчө жолоочу»

Бишкекте аянттагы майрамдан кайткан саякпер жана анын бүркүтү троллейбустун өзгөчө жолоочулары болушту.

*Милена Наринова*

2019, Бишкек/Кыргызстан



## «Эт базары»

Орто Азиядагы эң чоң базарлардын бири болгон Ош базарында бардыгын табууга болот. Базардын эт саткан тарабында топоздун этинен чочконун этине чейин ар түркүн жаныбарлардын эти сатылат.

*Алтынбек Айбек уулу*

2019, Бишкек/Кыргызстан



• КТМУнун атынан гезит ээси
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Башкы редактор
Проф. док. Хамза Чакыр

• Басма сөз координатору
Доц. док. Аслы Юрдигул

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Котормочулар
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нармаматова
Кенже илимий кызматкер док. Венера Наринова

• Редакторлор
Кенже илимий кызматкер Бану Эрдоган Чакар
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Дизайнер
Равшан Абдуллаев

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164